# Информатика кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелерин сактагыла!



1. Информатика кабинетине кир кийим жан бут кийим менен кирүүгө болбойт. Кабинет таза болуш керек.



2. Информатика кабинетине тамак аш, суусундук алып кирүүгө болбойт




3. Информатика кабинетине сагыз алып келүүгө жана чайноого тыюу салынат



4. Компьютерге кир жана ным колдоруң менен олтурууга болбойт.



5. Компьютердин мониторунун бетин колуң менен кармаба.



6. Кабинетте тартипти жана тынчтыкты сакта. Тентектигиң компьютерлердин сынышына алып келиши мүмкүн.





7. Мугалимдин уруксаты жок компьютерлерди өчүрүп, күйгүзбө.



8. Компьютердин кабелдерин эч качан кармаба. Өмүрүң үчүн залал келтиришиң мүмкүн.



9. Клавиатуранын баскычтарын катуу баспа, аны иштен чыгарышың мүмкүн.



10. Сабак аяктаганда компьютерди мугалимге өткөрүп бер.

мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү;

1.2. Компьютерди үйрөнүүчүлөрдүн милдеттери:

- компьютердин техникага аяр мамиле кылуу;
- мугалимдин уруксатысыз компьютерди ордунан жылдырбоо;

1.3. Дисплейдин экраны жарык менен камсыз болушу керек, мында аны күн нурунун түз түшүшүнөн сактоо зарыл;

1.4. Кабинеттин айнеги ачык түрдөгү штора менен тагылуусу керек.

2. Окуунун башталышында, жүрүшүндө жана бүтүшүндөгү коопсуздуктун сакталышы;

2.1. Окуучунун башталышындагы окуучулардын милдеттери:

- кабинетке мугалимдердин уруксаты менен кирүү, аппаратурага сүйкөнбөө;
- олтуруучу орун даярдоо;
- мугалимдин уруксатысыз аппаратураны күйгүзбөө (не включать);
- көзү начар көрсө очки тагынуу;
- электр точкасына туташтырууда аяр болуу;

2.2. Сабактын жүрүшүндө окуучулардын милдеттери:

- ПК дан50-70 см аралыкта олтургучка түз олтуруу;
- Бир сабакта ПК менен 20-25 минутадан ашык олтурбоо;
- Ар бир он беш минутада көзгө кимнастика жасоо;
- Техника менен иштөөдө ар бир мүчүлүштөр боюнча мугалимге билдирүү;

2.3. Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыюу салынат:

- нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө;
- мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарбоого;
- өз алдынча экранды которбоого;
- өз алдынча техниканы оңдоого;

2.4. Сабактын аткарылышындагы окуучунун милдеттери:

- аппаратураны булагынан ажыратуу;
- иштөө орундарын иретке келтирип, мугалдимдин уруксатысыз чыгып кетпөө;

3. Авариялык жагдай пайда болгондогу талап:

3.1. Эгерде кандайдыр бир башка жыт чыкса, аппаратураны өчүрүп, мугалимге кайрылуу керек;

3.2. Аппаратура көрсөтпөй жатса, тезинен мугалимге кайрылуу;

3.3. Кокусунан өрт коркунучу туулса, мугалимдин көз алдында кабинеттен чыгуу;

3.4. Кокусунан жеңил мертинүүгө чалдыкса, мугалимге жардам сурап кайрылуу;

## Информатика кабинетинде техникалык коопсуздук эрежеси

1. Компьютерде иштөөнүн алдында колду кирден жана майдан тазалоо;
2. Компьютерде иштөөнүн алдында анын туташтыруучу зымдары жана вилкаларын изоляциялангандыгын текшерүү;
3. Вилканы суу колуңар мененэлектр тармагына туташтырбагыла;
4. Компьютердин артындагы ачык жерлерге кол тийгизбегиле;
5. Мониторду урунуудан, чийилип калуудан сактагыла;
6. Эч качан компьютерди өз алдыңарча оңдоого аракет кылбагыла;
7. Компьютер электр тармагынан ажырап турганда да чыңалуу бар;
8. Күндүн нуруна жайгаштырууга болбойт;
9. «Минус» температурага жайгаштырууга болбойт;
10. Таза эмес абалында да иштөөгө болбот;
11. Химикаттардын түшүп калуусунан сактагыла;
12. Жылытуучу приборлордун жанына коюга болбойт;
13. Дискетти эң майда предметтердин жанына коюуга болбойт;
14. Дискета жана компакт диск атайын кутучада сакталууга тийиш;
15. Компьютер менен иштөө убактысы 4,5 сааттан ашпоо керек;
16. Иштөө үчүн комнаталык температура -5С ден +20С ге чейин болууга тийиш;
17. Түз жердештирүүгө тийиш;
18. Тез-тез өчүрүп, жандыра берүү да коркунучтуу, кыска тыныгуу учурларында компьютердин иштеп тургандыгы жакшы;
19. Компьютерде иштөө үчүн орун талашпоо керек.